*Б.М. Турдубеков, Д.Ш. Жолболдуева*

# Рынок эканомикасына өтүүдөгү жалалабат областынын эл чарба тармактарын социалдык-эканомикалык өнүгүүсүнүн проблемалары

Республика боюнча 2006- жылда 50876,8 млн. сомдук өнөржай продукциясы өндүрүлүп, 2005-жылга карата өсүү темни 87,7 %га камсыздалды. Мунун ичинен 7007,8 млн. сому Жалалабат облусуна таандык болуп өсүү темни 101,6 %ды түздү же жалпы продукция өндүрүү көлөмү 13,8 %ды түзүп, Республикада облус төртүнчү орунга чыкты. Айыл марба тармагында Республикада 2006- жылдын жыйынтыгы менен 71235,3 млн. сомдук айыл чарба продукциялары өндүрүлүп, өткөн жылга карата өсүү темпи 101,5 %ды түздү. Мындан Жалалабат облусуна 10995,7 млн. сому таандык болуп, өсүү темпи 103,5 %га аткарылды же жалпы Республикалык көлөмдүн 15,2 %ын түзүп Чүй жана Ош облустарынан кийинки үчүнчү орунга ээ болду. Чекене соода боюнча 2006- жылдын жыйынтыгы менен Республикада 70587,0 млн. сом жүгүртүлүп, өсүү темпи 113,7 %ды түздү. Мындан 6419,2 млн сому Жалалабат облусуна таандык болуп, өсүү темпи 129,2 %ды түздү же жалпы жүгүртүлгөн көлөмдүн 9,1%ын түзүп Бишкек шаарынан жана Чуй облусунан кийинки үчнчү орунга ээ болду. Акылуу кьпмат көрсөтүү боюнча 2006-жылдын жыйынтыгы менен Республикада 19291,1 млн. сомдук акылуу кызмат көрсөтүлүп, өсүү темпи 113,1 %ды түздү. Мындан 1 179.5 млн сому Жалалабат облусуна таандык болуп, өсүү темпи 130,2 %ды түздү же жалпы кызмат крсотуу коломунун 9.1 %ын түзүп, Республикада бешинчи орунга ээ болду.

2006-жылы Жалалабат облусунун эл чарба тармагыпмн реалдуу секторунда 20889,9 млн. сомдук дһн продукция өндүрүлүп өсүү темпи 2005-жылга салыштырмалуу 106,3%га камсыздальш, белгиленген экономикалык божомол 102,4% га аткарылды. Ушул өндүрүлгөн дүн продукциянын ичинен 7007,8 млн. сому же 33,5 %зы өнөржай тармагына, 10995,7 млн. сому же 52,6 %зы айыл чарба тармагына, 1179,5 млн. сому же 5,6 %зы калкка акылуу кызмат көрсөттү тармагына, 1716,9 млн. сому же 8,2 %зы капиталдык салым жумшоо тармагына таандык болду. 2006-жылы облусубузда 7007,8 млн. сомдук өнөржай продукциясын өндүрүлүп, өсүү темпи өткөн жылга карата 101,6 % га камсыз болуп, белгиленген экономнкалык прогноз 98,4% га аткарылды. Электрэнергетнканы кошпой алганда 4266,5 млн.сомдук товардык продукция өндүрүлүп, өсүү темпи өткөн жылга карата 104,4% га камсыздалып, белгиленген экономикалык божомол 101,6%га аткарылды. Ал эми электроэнергетика тармагында 2741.3 млн. сомдук товардык продукция же болбосо 13351,9 млн. кВт. саат электрэнергиясы өндүрүлүп, өткөн жылга карата өсүү темпи 95,5 %га камсыздалып, белгиленген экономикалык божомол 93,9%га аткарылды. Электрэнергетика тармагында өткөн жылга карата көлөмдүн камсыз болбой калуусунун негизги себеби. Токтогул суу сактагычында суунун запасынын азаюусунан улам болду. 2006-жылы өнөржай ишканалары тарабынан 13351,9 млн кВт электрэнергиясы. 53,1 мин тонна нефть, 19,4 млн т. жаратылыш газы, 23,5 мин тонна көмүр, 196.5 млн даана электрлампочкасы, 25,9 мин тонна пахта буласы сыяктуу жана башка продукцнялар өндүрүлдү. 2006-жылы облусубузда 3073,3 млн. сомдук продукция экспортко чыгарылып, 2005-жылдып ушул мезгилине салыштырмалуу 618,1 млн. сомдук продукция экспортко көп сатылып, өсүү темпи 125,2 %ды түзсө, ушул эле мезгилде 2546,3 млн. сомдук продукция импорттолуп он соода сальдосу түзүлдү. Ушул экспортко чыгарылган продукциянын ичинен 830,6 млн.сом же 27,0 %зы пахта буласына. 766.9 млн. сому же 24,9 %зы электр лампасына. 152,4 млн. сому же 5,0 %зы жангак жана жангак манызына, 4,8 млн. сому же 0,2 %зы ферменттелген тамекиге, 1318,6 млн. сому же 42,9 %зы башка продукцияларга таандык болду.

2006-жылы өткөн 2005-жылга карата өсүү темптерин райондордон Чаткал (3,6 эсеге), Базаркоргон (154,7%), Сузак (123,7%), Алабука (2,2 эсеге), Аксы (102,6%), Токтогул (104,1%). Тогузторо (128,4%) камсыздашып, белгиленгеп экономнкалык прогнозду Чаткал (3,2эсеге). Алабука (2,1 эсеге), Базаркоргон (145,2%га), Сузак (116,7%га), Токтогул (100,1%га) жана Тогузторо (126,4%) ашыгы менен аткарышып, облусубуздун өнөржай тармагын өнүктүрүүгө зор салымдарын кошушту.

Ушул эле мезгилде Майлуусуу (94,6 %), Каракол (96,9%), Ташкөмүр (98,4%),

Жалалабат (94,8%) шаарлары жана Ноокен (92,3%) району жеткирилген көлөмгө чыгышпай, 2005-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу көлөмдү 259,5 млн. сомго төмөндөтүлүп, экономикалык божомолду 311,7 млн.сомго азайтышып жиберишкен. Эгерде ушул район-шаарлар өткөн 2005-жылдьн ушул мезгилине салыштырмалуу көлөмдү камсыздашып, белгиленген экономикалык божомолду аткарышканда, облус боюнча өнөржай тармагынын жалпы көлөмү 7267.3 млн. сомго жетип, өсүү темпи 105,4 %га камсыздалып, белгиленген экономикалык прогноз 102,1 %га аткарылмак.

2006-жылдын январь-декабрь айларында облусубуздун аймагында 40 өнөржай ишканасы. Буларга мисал катары Жалалабат шаарындагы «Нур» (159,0%), «Алманбет» (117,7%), «Мариям» (110,1%), «Жалалабатэлектро» (100,4%), «Курулуш деталдар комбинаты» (113,1%), «Курулуш материалдар комбинаты» (117.6%), «Мата» (133,4%), «Лиматекс» (3,7эсеге), «АБЗ» (133,4%), Майлуусуу шаарындагы кийим тигүү фабрикасы (2,0 эсеге); «Кыргызэлектроизолит» заводу (117,2%) Ташкөмүр шаарындагы «Тегене» (105,6%); Ноокен районундагы «Анмасто» (6,5эсеге), Сузак районундагы «Домата» ПКФ ЧХЗ (123,8%), «Жетиген» (110,3%), Тогузторо районундагы «Макмалалтын» комбинаты (128,5%) ишканаларын атоого болот.

Облусубузда 2006-жылы жаңыдан ишин баштаган Базаркоргон районундагы ОсОО «Асфальтобитум», Алабука районундагы ЗАО МИРК «Инвест», ОсОО ГДК ГСО «Эксплор», Чаткал районундагы ОсОО «Фонта», Сузак районундагы ОсОО «Зирветекс», Ноокен районундагы ОсОО «Экспорт коттон» ишканалары тарабынан 52,5 млн. сомдук продукция өндүрүлдү. Ошондой эле мурда иштеп келип, учурда иштебей токтоп калган ишканалардын ичинен 2 ишкана кайрадан ишке кирип, 1507,2 миң сомдук продукция өндүрүлдү. Булар: Ташкөмүр шаарындагы «Гидростальконструкция» жана Сузак районундагы «Жүзүмшарап» акционердик коомдору болуп эсептслет.

2006-жылы облус боюнча 2073,5 млн. сомдук эл керектөөчү товарлар өндүрүлүп, бул көрсөткүчтү камсыз кылууда негизинен Чаткал (108,6%), Алабука (106,1%). Сузак (125,0%), Аксы (110.1%), Базаркоргон (100,1%) жана Токтогул (100.4%) райондорунун кошкон салымдары жакшы болду. Ал эми бул багытта Каракол (70,0%), Майлуусуу (92.3%), Ташкөмүр (76.2%), Жалалабат (99,5%) шаарлары, Тогузторо району (72,6%), Ноокен (63,2%) райондору өткөн жылга карата коломду камсыздай алышкан жок.

Облусубузда өнөр жай тармагындагы орун алган кемчилдиктерди жоюу максатында район-шаарлардын жетекчи адистери өздөрүнүн аймагындагы жаңы ачылган жана иштеп жаткан ишканалардын иштебей бош турган аянтгарын ишке киргизүү багытында мыйзам ченемдүү иш чараларды колдонуу менен кошумча товардык продукция өндүрүүнү колго алуу учурдун кечиктирилгис талабы.

Жогорудагы өнөржай тармагындагы жетишилген ийгиликтер менен катар айрым жол берилген кемчиликтерди жоюу максатында иштеп жаткан ишканалардын резервдерин эске алып, токтоп турган ишканалардын өндүрүшүн жандандырып, ички дүн продукциянын көлөмүн жогорулатуу үчүн төмөндөгүлүрдү сунуштайбыз:

1.Өндүрүшү төмөндөп иштебей токтоп калган жана өндүрүшү кескин начарлап кеткен ишканалар боюнча иш-чараларды кабыл алып, өндүрүштү жогорулатуу үчүн ички жана тышкы инвестицияларды тартуу маселеси жергиликтүү бийлик тарабынан колдоого алынып, жакындан жардам көрсөтүлсө, экономиканын реалдуу секторунда өндүрүшүү жогорулап, бюджетибиздин киреше болүгүндө кошумча булактар пайда болмок.

2. Ишканалардын ортосундагы рыноктук мамилени жолго салууда маркетингдик кызматты уюштуруу менен диллердик байланыш кызматынын иштөө механизмин өкмөттүк деңгээлде колдоого алынып, өндүрүлүп жаткан даяр продукцияларды сатып өткөрүү маселесин чечүүгө жетишүү зарыл. Мисалы: бизде пахта сырьесу бар, андан пахта буласын иштетип чыгып, даяр эндей материал өндүрүп аны тигип, андан ар кандай эл керектөөчү таварларды чыгарып, ал продукцияларды экспортко чыгарсак андан пайда көбүрөөк түшөр эле. Ушул иштетилип алынган пахтанын чигитинен уруктук чигитти алып салгандан кийинки көлөмдөн фильтирленген таза май өндүрүүчү ишкана куруу аркылуу, калкыбыздын эртенки ден соолугуна кам көргөн болоор элек.

3. Ишкана кайда жайгашкан болсо ошол жерден каттоодон өтүп, тиешелүү салыктарды

ошол жерге чегерсе, же токсо бир беткей болуп, салыктардын түшүүсүн көзөмөлгө алуу жеңил болуп, эсеп учет так болоор эле. Бул маселе бүгүнкү күндүн кечиктирилгис талабы болуп калды.
2006-жылдын 12 айында облуста 10995,7 млн. сомдук айыл чарба продукциялары өндүрүлүп, өткөн жылга салыштырмалуу өсүү темпи 103,5 % га камсызалды.

Облусубуздун бул көрсөткүчүн камсыз кылууда төмөндөгү район-шаарларыбыздын салымы чоң. Чаткал району өткөн жылга салыштырмалуу өсүү темпти 114,1%га, прогнозду 110,0%га, Аксы району өсүү темпи 111,3 %га, прогнозду 108,4 %га, Сузак району өсүү темпин 108,3%га, прогнозду 106,3%га, Базаркоргон району өсүү темпти 105,8% га, прогнозду 103,1% га жана Токтогул району өсүү темпин 105,1 %га, прогнозду 102,3% га камсыз кылышып облустук көрсөткүчтү алдыга тартышты.
Жогорудагы жетишкендиктер менен бирге айрым кемчилдиктерге дагы жол берилген. Ал сак: Ноокен району белгиленген дүн продукциянын көлөмүн прогнозго 94,7%га, өсүү темпин 96,6%га, Жалалабат шаары прогнозго 95,8%ыз, өсүү темпин 98,7 %га жана Ташкөмүр шаары прогнозго 90,8 % зы, өсүү темпин 86,8 %га араң камсыз кылышты.

2006 жылга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген 104,7 % өсүү темпин камсыз кылбаган район шаарлар да жок эмес. Алсак: Алабука району прогнозго 100,2%, өсүү темпи 102,2 %га , Майлуусуу шаары прогнозго 100,8%, өсүү темпи 102,2 %га жана Каракол шаары өсүү темпин 101,2 %га камсыз кылышкан.
Талаачылыкта. 12 айдын жыйынтыгы менен картошка казып алуу 1 1742 тоннага, жашылча 11931 тоннага, мөмө жемиш 12596 тоннага жана жүзүм жыйноо 1226 тоннага өткөн жылдын 12 айынан ашыкча жыйналып облустук көрсөткүчтү алдыга тартты.

2006-жылдын 12 айында облуста дан жыйнап алуу өткөн жылдын 12 айына салыштырмалуу 7838 тоннага, коон-дарбыз 1035 тоннага, май өсүмдүктөрү 3167 тоннага жана пахта терип алуу 1596 тоннага аз жыйналды. Алынган түшүмдүүлүк облус боюнча дан өсүмдүктөрүнөн бир гектар дан 29,8 центнерден же өткөн жылга салыштырганда 1,2 центнерге, май өсүмдүктөрү 10,6 центнерден алынып өткөн жылга карата 0,8 центнерге жана пахта жыйнап алуу да 25,3 центнерден алынып, өткөн жылга салыштырмалуу 1,2 центперге аз жыйналып алынды. Калган айыл чарба өсүмдүктөрдүн түрлөрү өткөн жылга салыштырмалуу жогорку түшүмдүүлүктү камсыз кылышты.

Бул тармакта мындам да жогорку экономпкалык көрсөткүчтөрдү камсыз кылуу үчүн, миндеген бытыранды майда чарбаларды ирилештирип, кооперативдерди түзүп, аларды экономикалык жактан тын, стабилдүү чарбаларга айландыруу зарыл. Бул маселени турмушка ашыруу үчүн төмөнкүдөй негизги багытгарды аныктап, аларды ишке ашырууну сунуш кылабыз:

Мал чарбасында продуктуулугу жогору болгон ири мүйүздүү малдарды, кой эчкилерди өстүрүүнү колго алуу. Муну турмушка ашыруу үчүн раиондордун айыл өкмөтгөрүн асыл тукум малдардын уруктары менен камсыздоо жана жасалма жол менен куудуруучу куут пунктгарды ачып ишке киргизүү же болбосо асыл тукум өндүргүч бука, кочкор жана жылкылар менен камсыз кылуу зарыл . Кээ бир райоидордун айыл өкмөттөрүндө жасалма жол менен куудуруучу пунктар бар болсо да ишке киргизилбей келүүдө: Эгер бул койгойлуу маселени колго албасак өстүрүп жаткан мал, кой эчкилерибизден алынуучу продукциялардын сапаттуулугун жана продуктуулугун (орточо бир баштан алынуучу продукция: тирүүлөй салмак, саалып алынган сүт, кыркылып алынган жүн, жумуртка) төмөндөтүп, жоготуп баратабыз.
Ошондуктан облусубузда малдарды асылдандыруу боюнча кординациялоочу борборун уюштуруп, облустун регаондорунда үч, төрт районго бир; координациялоочу борбордун филиалдарын ачуу зарыл.

Талаачылыкта биринчиден экстенсивдүү өнүгүү жолу өзүнүн бардык мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланып бүттү. Ошондуктан агротехникалык эрежелерди колдонуу, жерлерди которуштуруп эгүү, минералдык жер семирткичтердин запасын топтоочу өсүмдүктөрдү эгүү (беде, буурчак, эспарцет), отоо чөптөрдү жок кылуу, ядохимикаттарды кеңири колдонуу жана жерди 3-5 жылда бир жолу экпей калтырып эс алдыруу (парга калтыруу) жолдорун колдонуу меене жогорку көрсөткүчтөрдү камсыз кылар элек. Ошондой

эле сапатуу үрөндөр менен дыйкан чарбаларды, кооперативдерди камсыз кылуу жана үрөндү райондоштуруп эгүү (үрөндү бир райондон башка районго алып келип эгүү) жолдорун колдонуу. Азыркы учурда облусубузда аттестациядан өтүп, үрөнчүлүк чарба статусун алган 23 урончулук чарба иштеп келүүдө. Бирок, бул иштеп -жаткам үрөөнчүлүк чарбалардын өндүргөн продукцияларынын сапаты, түшүмдүүлүгү товардык прдукция өндүргөн дыйкан чарбалардан айрымаланбайт. Ошондуктан асыл тукум жана үрөнчүлүк чарбаларды мамлекет тарабынан колдоого алынып, көзөмөлдөп туруу зарыл. Бул маселе боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин 2005- жылдын 15 августундагы аткаруу бийликтин өкүлдөрү менен болгон жолугушуусунда сүйлөгөн сөзүндө «Үрөнчүлүк, малды асылдандыруу, дарылоо иштерин мамлекет өз милдетине алыш керек» деп белгилеп кеткен. Бирок, Президентибиздин бул кайрылуусу бүгүнкү күндө аткарууга алынбай келүүдө.

Облус боюнча 2006-жылдын 12 айында айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагында 534301,5 мин. сомдук продукция өндүрүлүп, өткөн жылга салыштырмалуу 107618,6 мин. сомго коп товардык продукция өндүрүлгөн же өсүү темпи 125.2 %ды түздү. Бул өндүрүлгөн продукция, жалпы өндүрүлгөн өнөржай тармагынын товардык продукциясынын көлөмүнүн 7,6 %ын, ал эми пахта буласынынын көлөмүн кошпой алганда, бул көрсөткүч 0,6%ды түзөт.

Кайра иштетилип өндүрүлгөн продукцияларды натуралдык түрдө алып көрсөк: Малдын жана өсүмдүк майларын иштеп чыгарууда 11207,1 тонна май өндүрүлүп, өткөн жылга салыштырмалуу өсүү темпи 109,0 %га камсыздалды же болбосо 1006,8 тоннага коп май өндүрүлдү.

Ошондой эле минералдык сууларды чыгарууда өсүү темпи 1386 %, божомолго 132,4 % ды түздү. Кондитердик азыктарды чыгаруу өткөн жылга салыштырмалуу өсүү темпи 105,6%, божомолго карата 101,7% ды камсыз кылды. Ошол эле учурда тамекини ферментациялоо вино жана арак ичимдиктерин көлөмү өткөн жылга салыштырмалуу бир кыйла азайды. Мисалы: вино жасап чыгаруу 86,5 %, арак ичимдиктерин чыгаруу 61,0 %га арам аткарылды. Пахта буласын чыгаруу 25869,3 тоннаны түзүп, өсүү темпи 100,7 % ды тузуп божомол 11.2,5 %га аран аткарылды. Ал эми ун ондуруу 40,6 мин. тонна өндүрүлүп, өсүү темпи 96,9 %ды түзүп, божомолго карата 112,8 %ды аран тузду . Жогоруда көрсөтүлгөн өндүрүштүн өсүү темптеринин азайышы сырье жана материалдардын ресурстарынын төмөндөшү жана керектөө рыногунда атаандаштыктын жогорулашы болуп саналат. Ал эми ферментгелген тамекини өндүрүү көлөмүнүн жылдан жылга азайышы, негизинен сатып алуучулардын жоктугу жана сатып алуу баасынын төмөндөп, дыйкан фермерлер тарабынан тамеки жалбырагын экпей койгондугунан келип чыгууда.

2006-жылдын 12 айында облусубузда 6419,2 млн. сомдук чекене товар жүгүртүлүп, 2005-жылдын 12 айына салыштырмалуу өсүү темпи 129,5 % га камсыздалып, белгиленген экономикалык божомол 127,5 % га аткарылды. Мында район шаарлардан бир гана Майлуусуу шаары жеткирилген экономикалык прогнозду 91,9 %га ал эми 2005- жылга карата өсүү темпин 88,0 %га аран аткарып, облустук көрсөткүчтү артка тартышкан.

Облуста 2006- жылдын 12 айында 1179,5 млн. сомдук калкка акылуу кызмат көрсөтүлүп, 2005-жылдын 12 айына салыштырмалуу өсүү темпи 130,2 % га камсыздалып, белгиленген экономикалык божомол 122,3 %га аткарылды. Район-шаарлар боюнча алып караганда Каракол шаары прогнозду 90,1%га. өсүү темпин 94,3%га жана Майлуусуу шаары прогнозду 93 1%га ал эми өткөн жылдьш ушул мезгилине салыштырмалуу өсүү темпин 99,0% га аткарышкан.

Облус боюнча 2006-жылдын 12 айында 1 7 16,9 млн. сомдук капиталдык салым жумшалып, экономикалык прогнозго карата план 115,8%га. ал эми өткөн 2005-жылдагы 1235,2 млн. сомго карата көлөм 139,0 %га аткарылды. Мында Жалалабат шаары экономикалык прогнозду 72,6 %га же 55280,9 мин. сомго кем, ал эми өткөн 2005- жылга карата көлөмду 83,2 %га же 29492,8 мин сомго кем аткарышкан. Майлуусуу шаары белгиленген экономикалык прогнозду 21,1 %га же 228208,2 мин сомго кем, ал эми өткөн 2005- жылга карата көлөмду 29.4 %га же 146733,6 мин сомго кем аткарышып, облустук көрсөткүчтү артка тартышкан. Облус боюнча 2006-жылы 2992,9 мин тонна жүк ташылып, анын ичинеп транспорпук ишканалар тарабынан 137,2 мин. тонна, башка тармактагы

транспорпук ишканалар тарабынан 2233,9 мин тонна, жеке менчик ишкерлер тарабынан 621,8 мин тонна жүк ташылып өткөн жылга салыштырмалуу өсүү темпи 108,7 % га камсыздалды.

Облус боюнча 2006-жылы 563444,8 мин. жүргүнчү ташылып, анын ичинен транспорпук ишканалар тарабынан 54050.3 мин жүргүнчү, ал эми жеке менчик ишкерлер тарабынан 509394,5 мин жүргүнчү ташылып, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда өсүү темпи 104,8 %га камсыздалды.